**УДК: 981(116) 08**

**Алибекова У. Б., Имаралиева Ж. Р.**
Ош мамлекеттик университетинин аспиранты,
Кыргыз-Өзбек университетинин окутуучусу
**Алибекова У. Б., Имаралиева Ж. Р.**

**Alibekova W.B., Imaralieva Zh . R .**
Osh Mammellectic University Graduate Students,
Lecturer at the Kyrgyz-Uzbek University

# "МАНАСТААНУУ" КУРСУ БОЮНЧА "МАНАС" ЭПОСУ – КЫРГЫЗ РУХУНУН ТУУ ЧОКУСУ" ТЕМАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮ

# ВОПРОСЫ ОСВОЕНИЯ ТЕМЫ "МАНАС" ЭПОСУ – КЫРГЫЗ РУХУНУН ТУУ ЧОКУСУ" ПО КУРСУ "МАНАСОВЕДЕНИЕ"

# QUESTIONS OF MASTERING THE THEME "EPIC" MANAS " - THE HIGHEST POINT KYRGYZ SPIRIT"

**Аннотация:** Макалада жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин он биринчи класстарындагы "Манастаануу" курсунунун алкагында өздөштүрүлө турган киришүү сабагынын лекциялык мүнөзү, курстун окуу предмети катары максат-милдеттери, эпостогу окуялардын чындык негиздери, кыргыз элинин тарыхы менен байланыштуулугу, өлкөнүн эгемендүүлүгү жана улуттук идеология, ал идеологияны "Манаска" таянып түзүү аракеттери тууралуу сөз болот.

Макала жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин кыргыз тили жана адабияты мугалимдерине жана жогорку окуу жайлардын окутуучуларына арналат.

**Аннотация:** В статье рассматриваются методические вопросы изучения конкретной темы по курсу "Манасоведения", форма и характер данной темы является вводной части. Рассматриваются цели и задачи курсу как отдельный предмет, связи учебных материалов данного курса с историей народа, тем самым определяются межпредметные связи курса

литература с историей Кыргызстана, что немаловажно для освоения учащимися подобных тем в одиннадцатом классе общеобразовательной школы.

Статья предназначена для учителей кыргызского языка и литературы общеобразовательной школы и преподавателей высших учебных заведений.

**Abstract:** the article deals with the development of the eleventh classes in the Kyrgyz language of General education schools on the course "Manas Studies" conducting introductory classes lecture character, goals and objectives of the subject of the course, the true foundations of the epic, the relationship with the history of the Kyrgyz people, independence of the country and national ideology and culture on the epic "Manas" the creation of this ideology.

**Түйүндүү сөздөр:** Окуу программасы, мамлекеттик стандарт, педагогикалык процесс, сабактын интерактивдүү формалары, лекция-сабагы, эгемендүүлүк, окуялардын тарыхый негиздери, үчилтик, улуттук идеология, баатырдык эпос, гумандуулук.

**Ключевые слова:** Учебная программа, государственный стандарт, педагогический процесс, интерактивные формы урока, лекционные занятия, независимость, исторические основы происшествий, трилогия, национальная идеология, героический эпос, гуманность.

**Keywords:** Curriculum, state standard, pedagogical process, interactive forms of a lesson, lecture occupation, independence, historical basis of incidents.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү орто мектептеринин XI класстарындагы “Манас таануу” курсунун алкагында «Манас» эпосу – кыргыз рухунун туу чокусу” деген ири тема өздөштүрүлөт [1, 20-б.]. Аталган тема жалпы курстун киришүү этабы болгондуктан, муну мугалим сабак-лекция түрүндө жүргүзгөнү максатка ылайыктуу. Ал өзүнүн лекциясында теманын алкагында эки маселенин тегерегинде сөз кылышы керек, алар:

1. «Манас таануу» курсу жана аны окуу предмети катары өтүүнүн максат-милдеттери. «Манас» эпосунун чындык негизи, кыргыз элинин тарыхына байланыштуулугу.

2. Кыргызстандын эгемендүүлүгү жана улуттук идеология, аны «Манаска» таянып түзүү аракеттери.

**1. “Манас таануу” курсу жана аны окуу предмети катары өтүүнүн максат-милдеттери.**

«Манас» үчилтигине тиешелүү окуу материалдарынын орто мектептердин бүтүрүүчү класстарында «Манас таануу» курсу катары иштелиши учурдун өктөм талабынан улам келип чыкты. Белгилүү болгондой, кыргыз адабиятынын өлчөмсүз бай корунда азыр андан маанилүү, орчундуу, ардактуу орун ээлеген бир да көркөм туунду жок. Мындай болушу мыйзам ченемдүү. «Манасты» үйрөнгөнүбүз – кылымдардан берки тарыхыбызды, этнографиябызды, салт - санаабызды үйрөнгөнүбүз. Чындыгында эле ички жан дүйнөбүздөгү руханий өксүктү, кемчил жактарыбызды толуктап байытуудагы «Манас» эпосунун ээлеген ордун, ролун эч ким тана албайт.

«Манас» – кыргыз рухунун туу чокусу, дүйнө элдеринин алдында айтып мактанаар мактанычыбыз, сыймыктанар сыймыгыбыз, ар - намысыбыз, кыргыз элинин кылымдардан бери чогулткан сөз байлыгы, нечен заман-доорлордон берки окуяларын камтыган карт тарыхы, жаштарды Ата Мекенди сүйүүгө, патриоттуулукка, адамдын баркына жетип, табият коодугун, дегеле, сулуулукту баалап, улууга урмат, кичүүгө изаат көрсөтө билүүгө тарбиялай турган акыл - насаат топтому.

«Манас» эпосунун улуттук идеологиянын түзүп, калыптандыруудагы мааниси, ролу өзүнчө. Адам баласы, дегеле, баарыбыз бир нерсеге ишенип, аны ыйык тутуп, өзүбүз эңсеген таза идеалыбызга умтулуп жашаганыбыз ылайык. Алдыда байы да, кедейи да бирдей туу тутуп, жашоонун башкы маңызы боло алчу улуу бир максаттын турганы жөн. Демек, улуттук идеологиянын болушу – зарылдык. Ал догматтык ислам динине эмес, кыргыз элинин менталитетине, кылымдардан берки келаткан философиялык ой-жорууларына, асыл ойлордун көөнөрбөс кенчи улуу «Манас» сындуу бай руханий эстелик-мурастарына таянуу негизинде иштелип чыгуусу абзел. Так мына ушул жагдайдан улам да жалпы билим берүүчү

орто мектептин 11-класстарында «Манас таануу» курсунун өтүлүшү эң бир маанилүү жана актуалдуу.

Мектеп окуучулары үчүн «Манас таануу» курсунун окуу материалдарын даярдоодо окуучулардын эпостун тексти, өзөк окуялары менен тереңден тааныш болуп, ошондой эле анын ички маани-маңызын, көркөмдүк баалуулук жактарын, эл арасынан жыйналып алыныш тарыхын, изилденишин ар тараптуу чечмелеп берген талдоо материалдары менен тааныштыруу жагдайлары да көңүлгө алынганы байкалат. Мындагы максат – окуучулардын «Манас» эпосу тууралуу билиминин ар тараптуу жана терең болушуна жетишүү. Кыскасы, бул сабак эртең келечек ээлери болгон 11-класстын окуучулары сөзсүз керек.

**2. “Манас” эпосундагы окуялардын чындык негизи, тарых менен байланыштуулугу.**

«Манас» эпосу бир күндө, бир жылда эле түзүлө калган эмес. Алгач элдик баатырларга арналган ырлар, кошок-жоктоолор, чакан дастандар жаралып, муундар алмашып, бүтүндөй бир кылымдар артка жылган сайын ал жаңы маалыматтар менен толукталып, бир бүтүн болуп жуурулушуп, акырындык менен улуу сөз деңгээлине чейин өсүп отурган. Эпостун окуяларынын башкы башатын кыргыздар Саян тоолорунан түндүктү карай Орто Эне-Сай жерлеринде жашап, өзүнчө мамлекеттүүлүгүн түзүп турган б.з. VI кылымынан тарта издеген туура болчудай. 554–555-жылдары кыргыздар түрк каганы Мухан тарабынан багындырылып, Чыгыш Түрк каганатынын кулашы менен 630-жылы барып гана кайрадан эгемендүүлүккө жетишишет. Ошондон тарта акырындап кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн кубаттуулугу артып баштайт. Ал кезде кыргыздарды айлакер кол башчы, баатыр ажо Барсбек башкарып турган. Кыргыздардын күчтөнүп баратышынан чочулаган көк түрктөрдүн аскерлери 710-жылдан 711-жылга караган кышта өтүүгө мүмкүн эмес делген Саян тоолорун ашып өтүп, кыргыздарга күтүүсүз сокку урат. Түрк аскерин даңазалуу аскербашы Тонукөк менен баатыр Күлтегин баштап барган. Кыргыздар оор жеңилишке учурап, Барсбек каган өлөт. Барсбек эпостогу Манастын чоң атасы Ороздуну (Сагынбайда Ногой деп берилет) эске салат. Эпосто Орозду күчтүү бийлик жүргүзүп, кыргыздарды бириктирип турганы эскерилет. Ал өлгөнү кыргыздар тышкы душмандар тарабынан кыйратылып, туш тарапка тентитип жиберилген.

Кайрадан өз эгемендүүлүгүнө кыргыздар Экинчи Чыгыш Түрк каганатынын 745- жылы уйгурлар тарабынан талкаланышынан кийин гана жетишишет. Бирок жаңы бутуна туруп келаткан Кыргыз мамлекетин 758-жылы ошол эле уйгурлар басып алышат. Ошондон жарым кылымдан ашуун убакыт өтүп барып гана кыргыз ажосу өзүн каган деп жарыялайт. 820-жылы уйгурлар кыргыздарга каршы аскер жөнөтүшөт. Бул учурда кыргыздар кыйла күчтөнүп, аскер кошуну 100 миң адамга жеткен. Айыгышкан согуш жыйырма жылдан ашык убакытка созулган. 840-жылы кыргыздар уйгурларга каршы чоң чабуул баштап, 843-жылы алардын Аньси, Бешбалык деген башкы шаарларын каратып алат. Жыйынтыгында кыргыздардын күчтүү мамлекеттүүлүгү – улуу державасы түзүлүп, ал IX–X кылымдарда, тактап айтсак, IX кылымдын 20- жылдарынан X кылымдын 10 - жылдарына чейинки мезгил аралыгында жашап турган. 840 - жылы уйгурларга каршы жиберилип, 843-жылга карата алардын таш талканын чыгарып талкалаган кыргыз колун даңазалуу аскер башы Алп Сол баштап барган. Анын өз ээлигиндеги жерлер Алтайда, анан азыркы Тува аймагында болучу. Кыргыздардын IX кылымдын жыйырманчы жылдарына карата күчтүү мамлекеттүүлүгүн түзүүгө жетишкени, башында Алп Сол турган ири аскер күчтөрүнүн уйгурларга каршы 840-жылдагы чоң чабуулу, алардын Аньси, Бешбалык деген башкы шаарларын каратып алышы эрксизден Манастын чабылып-чачылган кыргыздарды бириктирип, күчтүү мамлекет түзүп, жүз миңдеген аскерлери менен түндүк-чыгыш тарапка жортуулдап барып, чет Бээжинди багындырышын эске салат. Алп Сол алтайлыктарда Алп Манаш деп берилет. Мындан Алп Сол Алп Манашка, Алп Манаш Алп Манаска, анан Манаска өткөнү көрүнүп турат. Демек, «Манас» эпосунун мазмунунан VIII кылымдын этегиндеги Барсбектен баштап, IX кылымдын орто ченине чейинки окуялар орун алган деген ой-корутунду чындыкка жакын сыяктуудай. Муну биз азыр эле ойлоп таба койгон жокпуз, болгону өзүбүзгө чейинки көз

караштарды кайра жаңыртып толуктадык. Ырасында эле XX кылымдын кыркынчы жылдарынын экинчи жарымында «Манастын» 1100 жылдыгын өткөрүүгө карата даярдыктар жүргүзүлүп баштап, анан сталиндик репрессиялардан улам токтотулганы белгилүү. Кейпи, 1995-жылдагы 1000 деген сан шарттуу түрдө тышкы кооздук үчүн эле алынды окшойт. Антпесе, ал жылы биз «Манастын» 1150 жылдыгын белгилейт болчубуз. Ал эми эпосто кыргыздардын негизги душманы уйгурлар эмес, кара кытайлар, андан да кийин эле чыккан калмактар болуп калышы сыяктуу ири чаташуулардын орун алышы – ырас, жазып калтырган тарыхы болбогондон кийин, элдик оозеки чыгармачылыкта боло берчү мыйзам ченемдүү эле көрүнүш.

Көрүнүктүү тарыхчы жана археолог А.Н.Бернштамдын жазганы боюнча Манастын прототиби – 847- жылы өлгөн кыргыз каганы Яглакар. Кытай жазууларында Яглакардын башкы кол башчысы болуп кыргыз тарабына өткөн уйгур Гюйлу-Бага (Аламамбет) делинет да, ал эми колго түшүрүлгөн уйгур каганынын аялы, ханыша Тай-Хо эпостогу Эсен кандын кызы Бурулча эсебинде. Ошондой эле Бей-Тин – Бээжиндин (Бешбалык) алынышы да эпостогу окуяларга дал келип жаткандай.

**3. Кыргызстандын эгемендүүлүгү жана улуттук идеология, аны «Манаска» таянып түзүү аракеттери.**

«Манас» эпосунун улуттук идеологиянын түзүп, калыптандыруудагы мааниси, ролу өзүнчө. Адам баласы, дегеле баарыбыз бир нерсеге ишенип, аны ыйык тутуп, өзүбүз эңсеген таза идеалыбызга умтулуп жашаганыбыз ылайык. Алдыда байы да, кедейи да бирдей туу тутуп, жашоонун башкы маңызы боло алчу улуу бир максаттын турганы жөн. Демек, улуттук идеологиянын болушу – зарылдык. Ал догматтык ислам динине эмес, кыргыз элинин менталитетине, кылымдардан берки келе жаткан философиялык ой-жорууларына, асыл ойлордун көөнөрбөс кенчи улуу «Манас» сындуу бай руханий эстелик - мурастарына таянуу негизинде иштелип чыгуусу абзел.

Бүгүн илимге күдүк туудурбай турган кадиксиз жазма булактарга караганда кыргыздар жөнүндөгү маалыматтар эзелтен бери белгилүү. Мисалы, кытай тарыхчысы Сым Цяндын «Тарых жазуулары» деген эмгегинде алар гягун (кыргыз) деген ат менен биздин эрага чейинки II кылымдарда эле эскерилет. Демек, калкыбыз ошол чектен да алда канча мурда түптөлүп, ошондон бери атын өчүрбөй сактап, жалпы адамзат тарыхында изин калтырып келген, өз алдынча жолу бир, уюткулуу элдердин биринен.

Ушундай узак жолдо журтубуз көптөрдү башынан өткөргөнү, маңдай жарыла кубанарлык ийгиликтери да, кайгы-муңга баткан көңүл чөгөрлүк алаамат күндөрү да аз болбогону күмөнсүз. Саны аз, көчмөн эл кыргыздардын басып өткөн тарыхый жолу өйдө - ылдыйлуу, өзгөчө татаал болгондуктан бир кездерде өзү пайдаланган жазуу - сызуу өнөрүн унутуп, башынан өткөндөрүн ирээт менен тизмелеп, сактап калуу мүмкүнчүлүгүнө жетише алышпаптыр. Ал эми башка элдердин жазма түрүндөгү кыргыздар жөнүндөгү сакталып калган маалыматтарындагы кабарлар үзүлдү-кесилди мүнөзүндө болгондуктан элибиз басып өткөн узак тарыхый жолдун ирээттүү, так сүрөтүн бере албайт. Натыйжада элибиздин өткөндөгү тарыхынын көп жерлери ак тактуу, калк башынан өткөргөндөрдүн кыйласы тарыхтын эсебине кирбей, унутта калган, же эскерилсе да кеңири маалыматтар жок. Бирок ай, күндөрү эсепке алынып, жыл артынан жыл келген түрдөгү ирээттүү тарыхый жол жазылып калбаганы менен кыргыздардын байыркы элдердин бири экендигин, анын адам баласынын тарыхынын түпкүрүнөн бери келе жаткан изи даана, басып өткөн жолу күрдөөлдүү да, татаал да, көчү негизинен байсалдуу болгонун таасын айгинелеп турган ишенимдүү фактылар аз эмес. Ошолордун ичинде ата - бабаларыбыз өзүлөрү кийинки муундарга мураска калтырган өзгөчө бай көркөм сөз өнөрүнүн үлгүлөрү менен кол өнөрчүлөрдүн буюм - теримдеринен тартып, өтө чебер иштелген көркөм кооздуктарга чейинки материалдык, маданий - рухий эстелик мурастардын ролу чоң. Айрыкча, бул багытта бабаларыбыздын улуу рухий мурасы «Манас» эпосу өзгөчө орунда турат [2, 257-б.]. Анткени «Манас» эпосу өз түзүлүшү, мазмун - маңызы, эл турмушунан алган орду боюнча жөнөкөй эле оозеки чыгармачылыктын бир үлгүсү, катардагы көркөм чыгарма – баатырдык

эпос эмес, өзгөчө, башкаларга такыр окшобогон, өзүнчө «орунда» турган уникалдуу көрүнүш.

Кыргыздар кадимки баатырдык эпостордун бирин тандап алып, аны басып өткөн тарыхый жолунун урунттуу учурларын, башынан өткөргөндөрүнүн көңүл бурууга татыктуу маанилүүлөрүн, узак жылдар бою турмуштук тажрыйбаларынан алынган корутунду жыйынтыктарын, башкалар менен карым - катнашта көргөн - билгендерин, үйрөнгөндөрүн, бир нече миң жылдар бою чогулткан табылгаларынын алгылыктууларын бүт эл катары калыптанткан салттык, үрп - адаттык жорук - жосундарын, жакшы-жаман, дос - кас, оң - терс, жашоо - тиричилик, бул дүйнө, тигил дүйнө, жаратылыш, коом жөнүндөгү түшүнүктөрүн, ишенимдерин, билим, өнөр багытындагы ийгиликтерин чогулткан учу-кыйры чексиз кең мазмундагы рухий кенч казынага айлантышкан. «Манас» эпосунун мазмунунда эң эле көптөгөн маалыматтарды ичине камтыган өзгөчө байлыгы бул чыгарманы көтөрө чалып макташ үчүн гана айтылган куру сөз эмес, ишенимдүү фактылар менен далилденген, эпос менен кеңири тааныш болгон ар бир адамга таасын көрүнүп турган чындык.

“Манастын” мазмунуна сиңирилип чогултулган чексиз маалыматтардан турган казына, байлыкты – эстелик мурасты кыргыздар өзүлөрүнүн жашоо шартынын өзгөчө мүнөзүнө ылайыктап кайда жүрсө кошо ала жүргөндөй кылып кирпичтерин убакыт - мезгилге моюбай турган түбөлүктүү жандуу тилден турган сөз берметтеринен курап, таасирдүүлүгүн арттыруу үчүн көркөм элестер менен кооздоп, эсте оңой сакталууну камсыз кылуу үчүн ыргакка ээ, уйкаштык менен камсыз кылынган ыр түрүнө келтирип жыйнагандыктан ал байлык кан салыгы түрүндөгү кыймылсыз жата берүүчү өлүү дүйнө болбой, дайым керекке жарап, пайдасы тийип, улам байып, кеңейип олтуруучу жандуу, активдүү, кыймылдагы кенч болгон. Ошон үчүн кыргыздар аны күндөлүк турмушунда жакшылык менен жамандыкта, кайгы менен кубанычта, ар бир зарыл учурда кеңири пайдаланып, анда айтылган залкар ойлор, терең маанилүү маалыматтар туу тутулуп, керекке жаратылган – эпос идеологиялык активдүү курал катары калк турмушуна таасирин тийгизген, аны тейлеп, иштеген иштерине багыт берген.

Эл арасында «Манас» эпосунун – кан салык, казынанын, жалпы журт туу тутуп кастарлаган ыйык мурастын кадыр - баркы өзгөчө зор болгондуктан анын мазмунунда орун алган ой, каадалуу нуска, керектүү турмуш корутундуларын пайдалануу – керегине жаратуу, ошол нарк - нускалардын жолун жолдоо жалпы кабыл алынган салтка айланган. Ошол салтка ылайык кылымдар бою элдин ар бир мууну улуу мурастагы нуска сөздөрдү, үлгүлүү жүрүш - туруш, адам мамилелерин, жакшы - жаман, оң - терс жөнүндөгү, дүйнө, жаратылыш, тирүүлүк, өлүм ж.б. ишенимдерди, уруулар, түрдүү элдер арасындагы мамиленин нускалуу жактарын кабыл алышкан.

Көптөгөн маселелер боюнча кыргыз эли адат, салттык жосун катары кабыл алган акыл - насаатка жата турган жол-жоболордун жаштарга тарбия берүүдө, өз күндөлүк турмушунда, башкалар менен мамиле, алака-катнаштарында кеңири пайдаланышкан. Элдик салт бүгүн улантылууда. Ырас, советтик түзүлүш учурунда «Манастагы» көптөгөн түшүнүк-ишенимдер, салттык жөрөлгөлөр идеологиялаштырылган шарттагы өкмөттүк официалдуу талапка туура келбегендиктен эскини көксөө, улутчулдук, диндик ж.б. реакциячыл түшүнүктөр катары бааланып, аларды пайдаланууга көп учурларда тыюу салынуучу.

Кыргызстан өз алдынча, көз карандысыз – эркин мамлекет болгондон тартып «Манас» эпосунун калк арасындагы орду өзүнүн илгертеден келе жаткан салттык жогору деңгээлине кайра келди. Буга республиканын биринчи президенти жаңы түптөлүп келе жаткан эркин өлкөнүн өз алдынча, жаңы идеологиясынын негизги – уюткусу катары «Манастын» жети осуятын сунуш кылышы айкын күбө [4,236-б.]. Демек, «Манастын» тулкусунан жети осуятты таап чыгууну улуттук идеологияны түзүүгө болгон көп аракеттердин бир катары таануу зарыл.

**4. “Манастын” жети осуяты:** улуттун биримдиги; улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтык; улуттук ар - намыс жана патриоттуулук; арыбас мээнет, алдыңкы өнөр - билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу; гумандуулук, айкөлдүк, кечиримдүүлүк; табийгат

менен таттуу мамиледе болуу; кыргыз мамлекетин чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо сыяктуу маселелер “Манас таануу” курсунун программасында өзүнчө тема катары сунуш кылынган, ошондуктан булар тууралуу сөз өзүнчө макаланын объектиси болсун.

**Жыйынтык:**

1.“Манас” эпосу кыргыз элинин улуттук менталитетине, кылымдардан берки келе жаткан философиялык ой-жорууларына, асыл ойлордуна негизделип, улуттун (балким, жалпы адамзаттын) көөнөрбөс кенчи катары улуу руханий эстелик. Аны өздөштүрүүнүн методдору, формалары менен каражаттары да мына ушуга таянуунун негизинде иштелип чыгуусу абзел;

2.«Манастын» тулкусунан жети осуятты таап чыгууну улуттук идеологияны түзүүгө болгон көп аракеттердин бир катары таануу зарыл;

3.«Манастын» жети осуяты “Манастаануу” курсунун программасында өзүнчө тема катары сунуш кылынган, ошондуктан булар тууралуу сөз өзүнчө макаланын обьектиси болот.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Байгазиев С. Муратов А. Кыргыз адабиятынын программасы: жалпы орто билим берүүчү кыргыз мектептеринин V - XI класстары үчүн [текст] /С. Байгазиев, А. Муратов. - Бишкек, 2017. –20-22-беттер

2. Артыкбаев К., Байгазиев С. ж. б. Кыргыз адабияты: орто мектептин XI класстары үчүн окуу китеби [текст] / С. Байгазиев, К. Артыкбаев, К. Иманалиев ж.б. –Бишкек: Билим компютер, 2013. 336 бет.

3. Байгазиев С. Улуу “Манас” - улутубуздун тил жана дил бешиги [текст] / С. Байгазиев. - Бишкек, 1994. – 234 б.

4. Манас: Энциклопедия. 2-том [текст] / Манас. Энциклопедия. - Бишкек, 1995. 286б.

5. Мусаев С. Манас таануу илиминин тарыхы [текст] / С. Мусаев. - Бишкек, 2010. – 217б.